**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ФИЛОЛОГИЯ ФАКУЛЬТЕТИ**

Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Окумуштуулар Кеңешинде талкууланды
2024-ж. "_26___"___08_______
№1 протоколу

**БЕКИТЕМ**
Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун ректору, т.и.д., профессор
_______________ Үсенов К.Ж.
"__26__08_____2024-ж.

# Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы

**багыты:**
**550300 Филологиялык билим берүү**

**даярдоо профили:**
**кыргыз тили жана адабияты**

**квалификациясы:**
**магистр**

**окутуу формасы:**
**күндүзгү (сырткы)**

**Жалал-Абад - 2024**



Сканировано с CamScanner

Негизги билим берүү программасы (НББП) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жогорку кесиптик билим берүүнүн 550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартынын талабына ылайык түзүлдү.

НББП кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын 2024-жылдын "26.08" жыйынында каралды жана №1 протокол менен бекитилди.

**Иштеп чыккандар:**

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын башчысы, ф.и.д. Абдувалиев И.

Филология факультетинин деканы, ф.и.к. Асылбекова Ч.А.

Кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын улук окутуучусу, ф.и.к. Кочорова Г.О.

**Иш берүүчүлөрдүн өкүлдөрү:**

Борбор Азия эл аралык медициналык университетинин китепканасынын башчысы, ф.и.к. ____________ Турдубаева А. М.

К.Ш.Токтомаматов атындагы эл аралык университетинин педагогика кафедрасынын доценти, ф.и.к. ____________ Султанова А.А.

**ННБПнын эксперттери:**

Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы С.Атабеков атындагы №88 жалпы орто билим берүү мектеп мекемесинин директору, кыргыз тили жана адабияты мугалими ____________ Сапарбекова З.К.

Жалал-Абад шаарындагы А.Усман атындагы №7 жалпы орто билим берүүчү мектебинин директору, кыргыз тили жана адабияты мугалими ____________ Асанбекова З.Ш.

**Бүтүрүүчүлөр:**

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университеттеги Таш-Көмүр инженердик-педагогикалык факультетинин филология жана педагогика кафедрасынын башчысы, улук окутуучу ____________ Нурматова Г.М.

Заманбап эл аралык университетинин колледжинин окутуучусу ________ Тажибаева Н.М.

Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жалал-Абад педагогикалык колледжинин окутуучусу ____________ Тажибаева Д.Т.

Сканировано с CamScanner

## МАЗМУНУ


**1. Жалпы жобо** ...... ..............................................4

**1.1.** Негизги билим берүү программасы (аныктама)....................4

**1.2.** Терминдер, аныктамалар, белгилер, кыскартуулар.................5

**1.3.** Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар....5

**2. Колдонуу тармагы** ..............................................6

**2.1.** Мамлекеттик билим берүү стандарты магистратураны даярдоо ......6

**2.2.** 550300 Филологиялык билим берүү багыты боюнча ЖКББ МББС........6

**2.3.** Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине талаптар...............6

**3. Даярдоонун багыттарынын жалпы мүнөздомосү** ......................7

**3.1.** Кыргыз Республикасында **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча ишке ашырылышы....................................................7

**3.2.** ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү ......................7

**3.3.** ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу ..............7

**3.4.** Бакалаврды даярдоодо НББПнын максаттары ........................8

**3.5.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердик чөйрөсү........................8

**3.6.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн объектилери.............9

**3.7.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:................9

**3.8.** Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердигинин милдеттери.................9

**4. НББПны ишке киргизүүнүн шарттарына карата жалпы талаптар** ........9

**4.1.** НББПны ишке ашырууда ЖАМУнун укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар ...........................................................9

**4.2.** НББПны ишке ашырууда студенттин укуктарына жана милдеттерине коюлган жалпы талаптар ...........................................................10

**4.3.** Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү ......................11

**4.4.** Күндүзгү (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү ....11

**4.5.** Сырттан окуу формасында студенттин окутуучу менен сабак окуу мүмкүнчүлүгү.........11

**4.6.** Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү.................11

**5. Магистрди даярдоонун НББПсынын талаптары**.........................13

**5.2.** Магистрди даярдоонун НББПнын түзүмүнө талаптар...................13

**Тиркемелер.** ......................................................19




Сканировано с CamScanner

## ЖОБОЛОР

**1.1. Негизги билим берүү программасы** (аныктама)

Б.Осмонов атындагы ЖАМУда **550300 Филологиялык билим берүү** багытынын кыргыз тили жана адабияты квалификациясы боюнча магистрлерди даярдоо боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасы билим берүү чөйрөсүндө аймактын эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамдарына жана башка нормативдик укуктук актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген мамлекеттик билим берүү стандартынын (Бишкек, 2021) негизинде даярдоонун аталган багыты боюнча иштелип чыгып, бекитилген окуу-усулдук документтерди өзүнө камтыйт.

Аталган негизги билим берүү программасы максатын, күтүлүүчү натыйжаларды, билим берүү процессинин мазмунун, шартын жана колдонуунун технологияларын, аталган багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоону жөнгө салат жана өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: а) окуу планы; б) жумушчу окуу планы; в) НББПдагы компетенциялар картасын, г) окуу планындагы базалык дисциплиналардын программаларынын аннотацияларын; д) окуу планындагы ЖОЖдук компоненттердеги дисциплиналардын жана элективдик курстардын программаларынын аннотацияларын; е) педагогикалык практикалардын программаларынын аннотациясын; ж) бүтүрүүчү мамлекеттик аттестацияга коюлган талаптарды.

**НББПны иштеп чыгууга негиз болгон нормативдик документтер**

Магистрдин НББПсын иштеп чыгуунун нормативдик базасы төмөнкүлөрдөн турат:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августу №179 «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы;
- КР Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-ж. №53 токтому менен бекитилген КРда жогорку кесиптик билим берүүчү билим берүү уюмдары жөнүндөгү Жобосу;
- 531000 Филологиялык билим берүү багытынын кыргыз тили жана адабияты профили боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (Бишкек, 2021), квалификациясы: магистр;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү тармагы боюнча нормативдик укуктук актылары;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун Уставы;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун «Окуу процессин окутуунун кредиттик технологияларынын (ECTS) негизинде уюштуруу жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Дисциплиналардын жумушчу программаларынын жана силлабустарынын мазмуну жана түзүлүшү жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Окуу-усулдук комплекс (УМК) жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Педагогикалык практиканы өткөрүү жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Билим берүүнүн сапатына мониторинг жүргүзүү жөнүндөгү" Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун "Студенттерди учурдагы текшерүү жана аралыктагы аттестациясы жөнүндөгү" Жобосу.
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин магистратурасы жөнүндө Жобосу;
- Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бюллетени. Магистрдик диссертация боюнча Жобосу.



Сканировано с CamScanner

## 1.2. ТЕРМИНДЕР, АНЫКТАМАЛАР, БЕЛГИЛЕР, КЫСКАРТУУЛАР

**1.2.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн бул негизги билим берүү программасында Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына жана жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсү үчүн Кыргыз Республикасы тарабынан кабыл алынган эл аралык документтерге ылайык төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

**негизги билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү жараянын ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-усулдук документтердин жыйындысы;

**даярдоонун багыты** - ар түрдүү профилдеги, фундаменталдуу даярдоонун жалпылыгы негизиндеги интеграцияланган жогорку кесиптик билимдүү кадрларды (адистерди, бакалаврларды жана магистрлерди) даярдоо үчүн билим берүү программаларынын жыйындысы;

**профиль** - негизги билим берүү программасынын кесиптик иштин белгилүү бир түрүнө жана (же) объектисине багытталышы;

**компетенция** - окуучуга билим берүүгө даярдоо үчүн анын белгилүү бир чөйрөдө эффективдүү иштөөсүнө зарыл болгон мурдатан коюлган социалдык талап (норма);

**бакалавр** - магистратурага кирүүгө жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификация деңгээли

**магистр** - аспирантурага жана (же) негизги докторантурага (PhD / профили боюнча) окууга кабыл алуу жана кесиптик ишти жүзөгө ашырууга укук берген жогорку кесиптик билимдин квалификация деңгээли;

**кредит** - бул негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу көрсөткүчү;

**окутуунун натыйжалары** - негизги билим берүү программасы модулу боюнча окуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.

**толуктоочу курстар** - тиешелүү багытта (адистикте) негизги билимге ээ болбогон студенттердин өздөштүргөн дисциплиналары, окуунун биринчи жылы ичинде магистрлерди багыт боюнча даярдоо боюнча базалык билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн зарыл болгон негизги кесиптик билимге жана компетенцияларга ээ болуу.

**жалпы илимий компетенттүүлүктөр** - бул кесиптик иштин бардык түрлөрүнө (же көпчүлүгүнө) мүнөздүү мүнөздөмөлөр: үйрөнүү, анализдөө жана синтездөө ж.б.у.с.;

**инструменталдык компетенттүүлүктөр** - таанып билүү жөндөмдөрүн, идеяларды жана ойлорду түшүнүү жана колдонуу жөндөмүн камтыйт; методикалык жөндөмдүүлүктөр, айлана-чөйрөнү түшүнүү жана башкаруу, убакытты уюштуруу, билим алуу, чечимдерди кабыл алуу жана көйгөйлөрдү чечүү стратегияларын түзүү; технологиялык көндүмдөр, технологияларды колдонууга байланыштуу көндүмдөр, компьютерде иштөө жана маалыматты башкаруу көндүмдөрү; тилдик көндүмдөр, коммуникативдик компетенциялар;

**социалдык-жеке жана жалпы маданий компетенттүүлүктөр** - сезимдерди жана мамилелерди билдирүү жөндөмү, сынчыл ой жүгүртүү жана өзүн-өзү сындоо жөндөмү, ошондой эле социалдык өз ара аракеттенүү жана кызматташуу процесстерине байланыштуу социалдык көндүмдөр, иштөө жөндөмдүүлүгү менен байланышкан жеке жөндөмдөр социалдык жана этикалык милдеттенмелерди алуу;

**кесиптик стандарт** - бул кесиптик иштин белгилүү бир түрүнүн алкагында, анын мазмунуна жана сапатына карата талаптарды аныктаган жана кызматкердин өз ордун ээлеши үчүн ал квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөгөн негизги документ, ишинин түрүнө карабастан, ар кандай уюмдун персоналы

### 1.3. Кыскартуулар жана белгилер

Жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасында төмөнкүдөй кыскартуулар каздешет:



Сканировано с CamScanner

**МББС** - мамлекеттик билим берүү стандарты;
**ЖКББ** - жогорку кесиптик билим берүү;
**НББП** - негизги билим берүү программасы;
**ОУБ** - окуу-усулдук бирикме;
**ЖИК** - жалпы илимий компетенциялар;
**АК** - аспаптык компетенциялар;
**СЖЖМК** - социалдык-жеке жана жалпы маданий компетенциялар.
**КК** - кесиптик компетенциялар;

## 2. КОЛДОНУЛУУ ТАРМАГЫ

**2.1.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты магистранттарды даярдоо **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча негизги билим берүү программаларын ишке ашыруудагы милдеттүү ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысы жана **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча уюштуруучулук-усулдук документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык жогорку кесиптик билим берүүчү мекемелеринин (мындан ары - ЖОЖдор), алардын формаларына карабастан жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелет.

**2.2.** Бул мамлекеттик билим берүү стандартынын **550300 Филологиялык билим берүү** багыты боюнча негизги пайдалануучулар төмөнкүлөр болуп саналат:

- ЖАМУнун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн ЖАМУдагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуу, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жооптуу;
- ЖАМУда даярдоонун белгиленген багытындагы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн билим алуусун натыйжалуу ишке ашыруу үчүн студенттер жооптуу;
- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер;
- жогорку кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары;
- жогорку кесиптик билим берүү тутумундагы мыйзамдардын сакталышына контролду камсыз кылган ыйгарым укуктуу мамлекеттик аткаруу органдары;
- жогорку кесиптик билим берүү жаатындагы билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу аккредитациялоо агенттиктери.

### 2.3. Абитуриенттердин даярдыгынын деңгээлине талаптар

**2.3.1.** Магистрдик квалификацияны ыйгаруу менен жогорку кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин билим деңгээли - тиешелүү тармак боюнча бакалавр квалификациясы бар жогорку кесиптик билим же чектеш адистик боюнча адис квалификациясын берүү менен жогорку кесиптик билим.

Талапкерден талап кылынуучу документтер:

- Жогорку кесиптик билим берүүнүн «магистр» квалификациясын алууга умтулган талапкердин “филологиялык билим берүү” багыты боюнча “бакалавр” квалификациясы ыйгарылган диплом;



Сканировано с CamScanner

- келечектеги педагогикалык ишмердүүлүгүнө жол бербеген оорулары жана коммуникативдик чөйрөдө кемчиликтери жоктугун аныктаган медициналык документтер.

**2.3.2.** Арыз тиешелүү багытта "бакалавр" квалификациясын ыйгаруу менен жогорку кесиптик билим жөнүндө же чектеш адистик боюнча "адис" квалификациясын ыйгаруу менен жогорку кесиптик билим жөнүндө мамлекеттик таанылган документке ээ болушу керек. Байланыштуу багыттардын жана адистиктердин тизмеси ОУБ тарабынан белгиленет.

## 3. ДАЯРДОО БАКЫТТАРЫНЫН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**3.1. Б.Осмонов атындагы ЖАМУда 550300 Филологиялык билим берүү** багытынын кыргыз тили жана адабияты квалификациясы боюнча даярдоо төмөндөгүдөй жүргүзүлөт:

- бакалавларды даярдоонун ЖКББ НББПсы;
- магистрлерди даярдоонун ЖКББ НББПсы;

Бакалавларды даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын толук өздөштүргөн жана коюлган тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү тапшырган жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнө жогорку окуу жайды бүткөндүгү жөнүндө "бакалавр" академиялык деңгээли ыйгарылып диплом берилет.

Магистрлерди даярдоо боюнча ЖКББ НББПсын толук өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү тапшырган жогорку окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнө жогорку окуу жайды бүткөндүгү жөнүндө "магистр" академиялык деңгээли ыйгарылып диплом берилет.

**3.2.** Күндүзгү билим берүүдө орто жалпы же орто кесиптик билим берүү базасында **550300 Филологиялык билим берүү** багытындагы магистрлерди даярдоо үчүн ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 6 жылдан кем эмес, жогорку кесиптик билимдин негизинде "бакалавр" квалификациясын ыйгаруу менен, 2 жылдан кем эмес.

Сырткы (кечки) жана сырттан окуу формаларында, ошондой эле "бакалавр" квалификациясын ыйгаруу менен тастыкталган, жогорку кесиптик билимдин базасында магистрлерди даярдоо үчүн ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн шарттары. Окутуунун ар кандай формалары менен дистанттык билим берүү технологияларын колдонуу айкалышкан учурда, университет күндүзгү билим берүүнү өздөштүрүү үчүн ченемдик мөөнөткө салыштырмалуу алты айга көбөйтөт.

"Адис" квалификациясын ыйгаруу менен толук жогорку кесиптик билимдин базасында магистрлерди даярдоо үчүн ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн мөөнөттөрү бир жылдан кем эмес.

Бакалаврлар жана адистиктер боюнча байланышпаган багыттар боюнча жогорку кесиптик билими бар талапкерлер үчүн, ЖКББ НББПнин магистрлерди даярдоо боюнча кесиптик билимин жана компетенттүүлүгүн түзүүчү нивелирлөө курстарынын өнүгүшүнө байланыштуу билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү көбөйөт.

Жеке окуу планы боюнча окуганда, билим берүү формасына карабастан, окуу мөөнөтүн университет өз алдынча белгилейт.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын жекече окуу планы боюнча окууда, окуу мезгилин тиешелүү билим берүү формасы үчүн белгиленген мезгилге салыштырмалуу узартууга укуктуу.

Бакалаврларды жана магистрлерди даярдоодогу ЖКББ НББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети белгилейт.

**3.3.** Күндүзгү билим берүү тармагында орто жалпы же орто кесиптик билимдин базасында магистрлерди даярдоону өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу "бакалавр" квалификациясын ыйгаруу менен тастыкталган 360 кесиптик кредиттин жана жогорку кесиптик билимдин базасында, кеминде 120 кредитти түзөт.

Окуу жылы үчүн күндүзгү билим берүүдө ЖКББ НББПны эмгек сыйымдуулугу



Сканировано с CamScanner